**ЖАЛАЛ-АБАД МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

ЖАМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин жыйынынын

№2-протоколунун көчүрмөсү

21.02. 2020-ж. Жалал-Абад ш.

Катышкандар: Көзөмөлчүлүк кеңешинин 9 мүчөсү, чакырылгандар 3.

| | | |
|---|---|---|
| **1** | Нусупова Р.С. | Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы, п.и.к. |
| **2** | Чинбердиев У.С. | Жеке ишкер |
| **3** | Эрматов Н.А. | Үй-бүлөлүк дарыгерлер борборунун директору |
| **4** | Сулайманов З.Б. | Билим жана илим кызматкерлеринин профсоюз уюмунун Жалал-Абад облусттык комитетинин каржы бөлүмүнүн башчысы |
| **5** | Соорбекова Г.К. | "Эл аралык толеранттуулук үчүн коомдук фонду" Жалал-Абад областы боюнча жетекчиси |
| **6** | Омурзаков С.А. | К.Ш. Токтомаматов атындагы Эл аралык университетинин профессор окутуучусу |
| **7** | Калчаев Ы.Ө. | Жалал-Абад шаардык билим берүү бөлүмүнүн башчысы |
| **8** | Турдубай уулу И. | Жалал-Абад телерадиокампаниясынын кызматкери |
| **9** | Токтосунов А.А. | Жалал-Абад областтык билим берүү борборунун жетекчиси |

Чакырылгандар:

Абдыкадыров П.-Экономикалык пландоо бөлүмүнүн экономисти

Ташполотов Ж. -Башкы эсепчи

Паизов А..-Мамлекеттик сатып алуулар боюнча бөлүмдүн кызматкери

**Күн тартибинде каралуучу маселелер:**

| | | |
|---|---|---|
| 1 | 1.1.ЖАМУнун 2019-жыл үчүн бюджеттик жана атайын каражаттардын аткарылышы боюнча маалымат жана 2020-жылга бюджеттик жана атайын каражаттарды сарптоону бекитүү;<br>1.2.Мамлекеттик сатып алуулардын ишке ашырылышы боюнча | Ташболотов Ж.<br>Сейталиев У.,<br>Паизов А. |

Угулду: Ташболотов Ж.: ЖАМУнун 2019-жыл үчүн бюджеттик жана атайын каражаттардын аткарылышы боюнча маалымат берди жана 2019-жылга бюджеттик жана атайын каражаттарды сарптоону бекитүүгө сунуштады (маалымат тиркелет);

Мамлекеттик сатып алуулардын ишке ашырылышы боюнча маалымат берди (маалымат тиркелет);

Сөз сүйлөштү:

Соорбекова Г.К.: 2019-жылга үнөмдөлгөн каражат кайсыл статьялардан болду?

Ташболотов Ж.: Чет өлкөлүк студенттердин санынын көбөйүшү, контракттын эсебине көбүрөөк каражаттын түшүшү жана тендерден экономдолду.

Турдубай уулу И. : Бухгалтердин отчетун угу, көп инвестиция келип жаткандыгын билдик. Отчетту канааттандыраарлык деп эсептейм.

Калчаев Ы.Ө.: Үнөмдөлгөн каражат каякка жумшалат?

Ташболотов Ж.: Үнөмдөлгөн каражат алдына ала эсептөөлөр боюнча ЖАМУнун профессорлук-окутуучулук курамына 13—айлык кылып төлөөгө, материалдык-техникалык базаны чыңдоого жумшалат.

Ошону менен катар окутуучулардын айлык акысын 30% жогорулатуу боюнча да эсептөөлөр жүрүүдө.

Республикалык деңгээлде орточо айлык 15200 болсо, бизде 15400 сомду түзөт. Чет өлкөлүк студенттер, Конфуций институту, Америка ордосу аркылуу инвестиция келип жатат.

Чинбердиев У.С.: 2019-календардык жылындагы университеттин бюджеттик жана атайын каражаттарынын аткарылышы боюнча отчету канааттандыраарлык деп табалы.

Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү күн тартибиндеги маселени талкуулап, ачык добуш берүүнүн негизинде бир добуштан

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

- 2019-календардык жылындагы университеттин бюджеттик жана атайын каражаттарынын аткарылышы боюнча отчету канааттандыраарлык деп табылсын.
- 2020-жылга бюджеттик жана атайын каражаттарды сарптоо сметасы бекитилсин.

Угулду: Паизов А.: 2019-календардык жылындагы университетте мамлекеттик сатып алуулардын жүрүшү боюнча маалымат берди. Кыскача төмөнкүлөргө токтолду:

Жыл ичинде 128 билдирүү келип түштү жана анын 124 билдирүүсү боюнча порталга коюлуп, тендерге катышты. Жыл ичинде 100 конкурс болуп, 68 конкурстан өтүп, 32 өтпөй калды. Университетте өткөрүлгөн тендердин негизинде башка имараттын сырты толугу менен ремонттолууда. ПМТФ нын сырты, ашканасы оңдолуп, терезелери алмаштырылгандыгын, , АТФ, МК де да ремонт иштери жүргөнүн айтып өттү. Жалпы ремонт иштери боюнча бөлүнгөн 27млн.411 миң сомдун 21млн. 23миң сому сарпталып, 6 млн.388 миң сом акча үнөмдөлгөндүгүн билдирди. 514000 сомго китеп, 100 компьютер, 100 компьютердик стол, 100 стул сатылып алынган. Медициналык факультетке 7млн.600миң сомго анатомиялык сенсордук столдор сатылып алынган. Жалпы үнөмдөлгөн каражат 9млн.533миң сомду түзөт.

Сөз сүйлөдү:

Эрматов Н.А., Сулайманов З.Б. Соорбекова Г.К. Омурзаков С.А.лар оз сөздөрүндө университеттин каражаты максаттуу пайдаланылып жаткандыгын белгилешти жана ийгиликтерди каалаштыю

Көзөмөлчүлүк кеңешинин мүчөлөрү күн тартибиндеги 2- маселени талкуулап, ачык добуш берүүнүн негизинде бир добуштан

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

2019-календардык жылындагы университетте мамлекеттик сатып алуулар боюнча маалымат эске алынсын.

Көчүрмөсү анык:

Көзөмөлчүлүк кеңешинин катчысы: Нусупова Р.С